Макулдашылды: Тоң райондук Билим берүү бөлүмүнүн башчысы Н. Толонгутова

«11» 09 2018 ж

Макулдашылды: Улахол айыл өкмөтүнүн башчысы

«04» 09 2018 ж

Бекитилди: Кам көрүү, биргелешкен педогогикалык кенештин отурумунда

«06» 09 2018 ж

# Мектептин өнүгүүсүнүн планы.

*Т.Салыкбаев атындагы жалпы орто билим берүү мектеби.*

## Мектептин миссиясы:

**Т.Салыкбаев атындагы орто мектеп жалпы орто билим берүү мекеме болуу менен бирге, башталгыч, негизги жана жалпы билим берүүгө багытталат. Ата-энелер, коомчулук менен тыгыз байланышта иштөө менен азыркы коомдо натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү, жашоодо өз ордун таба билген, ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоо.**

**Тоң районундагы Таалайбек Салыкбаев атындагы жалпы орто билим беруу мектеби**

**Бекитемин:**
**Мектеп директору: ____________Эркимбаева А.К.**
**Таалайбек Салыкбаев атындагы жалпы орто билим беруу мектебинин №3 пед кенешинин**
**"_8_" __01__ 2021-жыл**
**Мектептин педагогикалык кеңеши**
**тарабынан кабыл алынды**
**протоколдун № 4**
**"_8_" __01__ 2021-ж.**

# *Таалайбек Салыкбаев атындагы жалпы орто мектебинин 2021-2025-жылдарга өнүктүрүү стратегиясы*

# М а з м у н у

I. 2020-2021 окуу жылында Т.Салыкбаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин ишмердүүлүгүнө жүргүзгөн талдоо боюнча отчет.

II.Көйгөйлөр

III. Т.Салыкбаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин узак убакыттуу максаты.

IV. Милдеттер матрицасы

V. Пландын аткарылышынын мониторинги жана баалоосу.

VI.Тиркемелер.

VII. Мектептин отчеттук картасы.

VIII. Кошумча материалдар.

# *2021-жыл*

***Таалайбек Салыкбаев атындагы жалпы орто билим беруу мектебинин өнүктүрүү стратегиясы жана аны ишке ашыруунун 2021-2025-жылдарга карата иш планы:***

- ***Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Кыргыз Республикасында Билим берүү системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары жөнүндө" 2012-жылдын 23-мартындагы №201 Токтомунун;***
- ***- 2025-жылга чейин Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү концепциясынын;***
- ***- 2021-2025-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясынын;***

- ***Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Кыргыз Республикасындагы жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты" жөнүндө 2014-жылдын 21-июлундагы №403 Токтомунун;***
- ***Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Негизги жана орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарын аккредатациялоо тартибин жана Негизги жана орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу, аккредитацияланууучу билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптарды бекитүү жөнүндө" 2017-жылдын 16-июнундагы №381 токтомунун негизинде жазылды.***

## *Киришүү*

### *1. 2025-жылы Т.Салыкбаев атындагы жалпы орто билим беруу мектебинин көрүнүшү*

2025-жылга Т.Салыкбаев орто мектебинде билим берүүнүн сапаты кыйла жогорулап, өлкөнүн социалдык, саясий жана экономикалык өнүгүүсүнүн азыркы деңгээлине жооп берген билим берилет, сапаттуу билим алууга бирдей мүмкүнчүлүктөр түзүлөт.

Өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруу менен мектеп:

1. ар тараптуу билими бар;
2. көз каранды болбой өзүнчө аракеттенген, өз оюн ачык айта алган, чыгармачыл жана инновациялык иш жөндөмү бар;
3. турмушта ийгиликтүү иштеп жашоодо өз ордун тапкан, жалпы жана адистештирилген билимге, ыкмаларга жана сапат-касиеттерге ээ болгон, өз алдынча көйгөйлорду чече билген жарандарды даярдап чыгарат.

### *2. 2025-жылга карата Т.Салыкбаев орто мектебинин милдеттери*

1. Курагына, жынысына, этностук, диндик белгилерине, жашаган жерине, социалдык-экономикалык статусуна ж.б. карабастан, сапаттуу негизги жалпы жана жалпы орто билим алууга мүмкүнчүлүк берүү;
2. Мектепте 10 жана 11-класстардын базасында ЖРТ даярдоого атайын мугалим даярдоо жана негизги жалпы билим алган ар бир окуучуга адистикти тандоо мүмкүнчүлүгүн түзүү;
3. Мектепте социалдык өнөктөштүктү өнүктүрүү
4. Мектепти жогорку квалификациялуу адистер менен камсыз кылуу.

### *3. 2025-жылы билим берүү системасынын түзүмү*

**2025-жылга карата мектепте төмөнкүдөй жаңылануу болот:**

1. Мектепке окуучулар муктаж болгон сабактардан кошумча кружокторду ачуу
2. Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды иликтеп, аларга инклюзивдүү билим берүүнү уюштуруу;
3. 10-11-класстарда кесипке багыт берип окутуу;
4. Кошумча корпус- 4 класстык болмо, китепкана окуу залы менен жана актовый зал.

5.Ашкана корпустан сырткары салынат.

5.Жаны техникалык жабдуулар менен камсыздалат.(интерактивдуу доска,комп.ж.б)

6.Футболдук аянтча салынат спорттук оюндар жакшырат.

7.Китепкана жакшырат жана окуучулардын сапаттуу билим алуусуна шарт тузулот.

8.Мектепке демоорчулорду тартып, алар менен тыгыз байланыш тузулот.

### *4. Мектепте билим берүү жана мугалимдердин квалификациясы*

Ар бир мугалимдин беш жыл сайын квалификациясын жогорулатуу жана квалификацияны жогорулатуу курсуна иш сапарга чыгымдарды төлөп берүү. Мектепте мугалимдин тартыштыгын азайтууга, өзгөчө жаш адистерди тартууга мүмкүндүк берилет.

Окутууда жакшы ийгиликтерге жетишкен мугалимдерге жана мектепте шыктандыруу системасын түзүүгө, лабораториялык, компьютердик, интерактивдуу доска жабдуулары менен камсыз кылууга, ысык тамак программасын өнүктүрүүгө, ден соолугу мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн окуу чөйрөсүн түзүүгө аракеттер жасалат.

Мектепте ата энелердин "Камкорчулар кенешин" тузуп, коомдук бирикмеси менен мектепти мамлекеттик-коомдук башкаруу иштерин жакшыртып, коомчулукту биргелешкен ишке тартууну камсыз кылынат.

Январь, май жана август айларындагы балдарды каттону так жүргүзүү. Мектеп жашындагы балдардын баарын милдеттүү окутуу боюнча чараларды көрүп, аз камсыз болгон жана ынтымаксыз үй-бүлөлөргө, ден соолугун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга, ошондой эле ата-энеси республикадан тышкары иштеп кеткен(мигранттардын) үй-бүлөлөруно өзгөчө мамиле жасоо менен аларды эсепке алуу боюнча бардык зарыл иштер уюштурулат жана жүргүзүлөт.

Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарын окутууда кандайдыр бир чектөөлөргө жол бербөө, ден соолугун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды окутуу, кароосуз калган балдарды көнүктүрүү жана аларды кайрадан мектеп чөйрөсүнө алып келүү үчүн болгон күч-аракеттер жумшалат.

Мектептин бугунку кундогу койгойлору: 1. Ашкана өзунчө курулушу керек. 2.Кабинеттин жетишсиздиги жана китепкананын жоктугуна байланыштуу кошумча корпус-4 класстык бөлмө, китепкана окуу залы менен жана актовый зал гардировочныйы менен салынышы керек.

Мектептеги башталгыч класстагы окуучулары үчүн тамактанууну уюштурууга жыл сайын каражат бөлүнөт, бул аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарын мектепте билим берүү менен камтууну жогорулатууга оң таасир этет. Ашканага тиешелүү эмеректер менен кошумча жабдуулар коюлат.

***5. Күтүлүүчү натыйжалар***

1. Курагына, жынысына, этностук, диндик белгилерине, жашаган жерине, акыл-эс жана дене бой өнүгүүсүнө, социалдык-экономикалык статусуна ж.б. карабастан, сапаттуу негизги жалпы жана жалпы орто билим алууга мүмкүнчүлүк берилет.
2. Мектепте 10 жана 11-класстардын базасында ЖРТга сапаттуу даярдоо жана негизги жалпы билим алган ар бир окуучуга адистикти тандоо мүмкүнчүлүгүн түзүлөт.
3. Мектепте социалдык өнөктөштүк өнүктүрүлөт.
4. Мектепти жогорку квалификациялуу адистер менен камсыз кылынат.
5. Мектепте билим беруунун сапаты жакшырат.
6. Ата энелер менен байланыш жакшырат.

***6. Т.Салыкбаев орто мектеби тууралуу жалпы маалымат***
***(мектептин паспорту)***

| № | Аталышы | Кошумча маалыматтар |
|---|---|---|
| 1 | Мектеп тууралуу жалпы маалымат | Т.Салыкбаев орто мектеби 2010-2011-окуу жылында 1-сентябрында ачылып, Улахол айыл өкмөтунун 24.08.2007-жыл №78 токтомунун негизинде ушул жерди мөөнөтсуз пайдалануу укугу Тоң райондук жергиликтуу каттоо органдарында кыймылсыз мулкко болгон укуктардын бирдиктуу мамлекеттик реестринде 2019-жыл 11.06. № 2019\4756 негизинде юридикалык жак катары каттоодон өткөрүлдү.<br>2010-жылдын 1-сентябрында „Мектепти кабыл алуу комиссиясынын актын бекитүү" боюнча буйругунун негизинде мектеп толугу менен пайдаланууга берилди.<br>Мектептин проектик кубаттуулугу 100 окуучуга ылайык, 2020-2021-окуу жылынын 3-чейрегине карата мектепте 232 окуучу билим алууда |
| 2 | Юридикалык жакты мамлекеттик каттоо | - Юридикалык жакты мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо №96056-3302-м-е; |

| | | |
|---|---|---|
| | | - ИУЖК коду 23418564;<br>- идентификациялык салык номери 02805200410322;<br>сериясы ГПЮ №0010662;<br>- катталган күнү 2004-жылдын 28-май. |
| 3 | Юридикалык жактын кыргызча жана орусча толук аталышы, уюштуруучулук-укуктук формасы | - Таалайбек Салыкбаев атындагы жалпы орто билим беруу мектеби |
| 4 | Мектептин толук дареги | Кыргыз Республикасы,<br>Ысык - Көл областы,<br>Тоң району<br>Кара-Шаар айылы. |
| 5 | Мектептин жер участогун мөөнөтсүз пайдалануу жөнүндө мамлекеттик акты | Жер участогун мөөнөтсүз пайдалануу жөнүндө мамлекеттик акты. Улахол айыл өкмөтунун 24.08.2007-жыл.№78 токтомунун негизинде ушул жерди мөөнөтсуз пайдалануу укугу Тоң райондук жергиликтуу каттоо органдарында, кыймылсыз мулкко болгон укуктардын бирдиктуу мамлекеттик реестринде 2019-жыл 11.06 №2019\4756 катталган.<br>идентификациялык №02805200410322,<br>2007-жылы 24-августа берилген. |
| 7 | Мектеп жетекчилиги туралуу маалымат | 1. ЭркимбаеваАтыркул Камчыбековна - мектеп директору, 0702767181; 0555259541<br>2. ТургамбаеваАйзадаТурсуналиевна- окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары, 0502130581;0556130581<br>3. Шаршенова Тамара Ободоевна - тарбия иштери боюнча директордун орун басары, 0703977199<br>4. Барктабас кызы Сайкал - соцпедагог, 0707901392 |
| 8 | Мектепке жалпы мүнөздөмө | - мектепке тиешелүү жер аянты – 17800,0м кв.<br>- мектептин имаратынын ички аянты – 574,45м;<br>- мектептин имараты кирпичтен салынган, 1 кабат;<br>- мектептин кубатурасы 1551м $м^3$; |